калбаш үчүн эмне кылуу керек деген суроо жаралбай койбойт. Япониянын мисалы ушул багытта бара жаткан башка өлкөлөр үчүн да сабак боло алат.


**Колдонулган адабияттар:**

1. Данильченко В.М. Глобализация и образование в XXI веке // Высшее образование сегодня. - 2004. - No 3. - С. 44-57.
2. Мещеряков Д.А. Глобализация образования и общеевропейское образовательное пространство // Философия образования. 2007. No 1. С. 72-90.
3. Панибратцев А.В. Глобализация и проблемы высшего образования в России // Научный вестник МГТУ ГА. 2014. № 203. С.49-55.
4. Kariya Takehiko Credential inflation and employment in ‘universal’ higher education: enrolment, expansion and (in)equity via privatisation in Japan // Journal of Education and Work, Vol. 24, Nos. 1–2, 2011, pp. 69–94.
5. Rezaei H. (et al.) Internationalization or globalization of higher education // Journal of education and health promotion. 2018. Vol. 7, Issue 8. DOI: http://doi.org/10.4103/jehp.jehp_25_17



УДК: 37.047
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-179-184



**Сманбаев Ө. А.**

И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика кафедрасы, педагогика илимдеринин доктору, профессордун м.а

**Сманбаев О. А.**

КГУ им.И.Арабаева, кафедра педагогики, доктор педагогических наук, и.о. профессора

**Smanbaev** O. **A.**

KSU I. Arabaev, Department of Pedagogy, doctor of pedagogical sciences, Acting Associate Professor


# ОКУУЧУЛАРДЫН КЕСИПТИ КОМПЕТЕНТТҮҮ ТАНДООГО ДАЯРДЫГЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ
# ФОРМИРОВАНИЕ ГОТОВНОСТИ УЧАЩИХСЯ КОМПЕТЕНТНОМУ ВЫБОРУ ПРОФЕССИИ
# FORMATION OF STUDENTS' READINESS FOR A COMPETENT CHOICE OF PROFESSION


**Аннотация:** Макалада коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартындагы мектеп окуучударын компетенттүү кесип тандоого даярдоонун теориялык негизи каралаган каралган.

**Аннотация:** В статье рассмотрена теоретические основы подготовки учащихся к компетентному выбору профессии в условиях социально-экономического изменения общества

**Annotation:** The article considers the theoretical foundations of preparing students for a competent choice of profession in the context of socio-economic changes in society**.**



**Негизги сөздөр:** тарбиялоо, кесип, кесип тандоо, кесиптик багыт берүү, даярдык, компенттүүлүк, компетенция, кесиптик компетенттүүлүк.

**Ключевые слова:** воспитания, профессия.**,** выбор профессии**,** профессиональная ориентация, готовность, компетентность, компетенции, профессональная компетентность.
**Keywords:** education, profession., choice of profession, professional orientation, readiness, competence, competencies, professional competence

Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарына ылайык мектептерде кесиптик багыт берүү ишин учурдун талабына ылайык модернизациялоонун зарылдыгы келип чыкты. Биринчиден, азыркы кездеги алдыңкы технологиянын негизинде өнүгүп жаткан эл чарбасында эмгектенген кесип ээсинин өндүрүштүк функциясы өзгөрдү. Мына ушуга байланыштуу кесип ээси өндүрүштүн технологиясы боюнча жалпы жана атайын билимдерге ээ болуусу, аларды практикада колдоно билиши керек. Экинчиден, базар экономикасына өтүүнүн шарттарында, эмгекти уюштуруунун жаңы формалары кесип ээсинен мобилдүүлүктү, компетенттүүлүктү, ишкердикти ж.б. сапаттарды талап кылат.

Илимий адабияттарда «даярдык» жана анын түрлөрү көрсөтүлгөнү менен деген анын бир маанидеги түшүндүрмөсү жок. Окумуштуулардын функционалдык, инсандык, атайын жана жалпы (Б.Г. Ананьев ж.б.), теориялык, практикалык (Б.Ф. Райский ж.б.), кесиптик (К.М. Дурай ж.б.) даярдык деген көз караштары бар. Демек, «даярдык» жөнүндөгү түшүнүк адамдын белгилүү иш аракетке компетенттүүлүгүн чагылдырган психологиялык, социологиялык жана педагогикалык категория катары бааланат. Педагогикалык теорияда даярдык «иш аракеттеги позитивдүү натыйжа түзүүчү система, жагдай», «белгилүү жөндөмдүүлүктүн болушу» катары карашат.

Окуучулардын кесипке даярдыгы жөнүндөгү маселенин жалпы теориялык негиздери педагогикалык изилдөөлөрдө ар түрдүүчө берилген. Мектеп бүтүрүүчүсүнүн аң сезимдүү кесип тандоого даярдоо маанилүү педагогикалык милдеттерден болгондуктан анын деңгээли билим, тарбия берүү системасынын натыйжалуулугун көрсөтөт. Негизинен окуучулардын даярдыгын төмөндөгү көрсөткүчтөр боюнча кароого болот:

1. Адеп-ахлактык сапаттары, коомдук саясий активдүүлүгү, асылдуулук багытталгандыгы, коомго карата туруктуу көз караштары;
2. Зарыл болгон билиминин, билгичтигинин, көндүмдөрүнүн, жөндөмүнүн болушу жана аларды иш аракеттин жаңы түрүнө, ситуацияга, коллективге карата колдонушу;
3. Жаңы коллективге бат ыңгайлана билиши. Ийгиликтүү ыңгайлануу, эмгекке чыгармачылык менен мамиле жасашы, жолдошторуна жардам берүүгө умтулуусу, улууларды сыйлоосу. Ыңгайлануунун ылдамдыгы социалдык тажрыйбаларынын кеңдиги, аткарган социалдык ролунун саны жана сапаты, маалыматка ээ болуусу, социалдык позициясы, өзүнүн укуктарын жана милдеттерин билиши менен мүнөздөлөт. Ар түрдүү социалдык функцияларды аткарууга даярдык инсандын атайын сапаттарга, прикладдык билимдерге, көндүмдөргө ээ болуусун талап кылат. Ал кесиптер дүйнөсү жөнүндө маалыматтарды (коомдун кесип ээлерине муктаждыгы, эмгек мыйзамдарын, окуунун өзгөчөлүктөрү ж.б.), келечектеги иш аракетинин конкреттүү шарттарын, укуктарын жана милдеттерин, коллективдин жана коомдук уюмдун структурасын, мүмкүн боло турган кыйынчылыктарды жана аларды түшүнүүсүн, жеңе билүүсүн камтыйт.

Демек, даярдык - бул татаал, бүтүн психикалык түзүлүш катары, өзүнө мотивациялык - керектөөчүлүк (белгилүү иш аракетти аткарууну каалоосу), когнитивдик (иш аракетти аткарууга керек болгон билим билгичтик, көндүмдөр) жана иш аракеттик-практикалык компоненттерди (билгичтиктерди жана көндүмдөрдү практикада колдоно билүү) камтыйт.

Азыркы кезде билим берүүнүн натыйжасы «билим, билгичтик, көндүмдөрдү» калыптандыруу деген позициядан, окуучулардын «компетенттүүлүгүн», «компетенцияларын» калыптандыруу деген позицияга багыт алды. Педагогикалык теорияда «даярдык» жана «компетенттүүлүк» деген түшүнүктөр мазмундук жана структуралык жактан өз ара шартталып, бири-бирин толуктап турат.

Илимий адабияттарда «компетенттүүлүк», «компетенция», деген түшүнүктөрдүн бирдей маанидеги аныктамасы жок болгондуктан ар түрдүү аспектилерде каралууда. Системалык, инсанга багытталган мамиле жасоонун жыйындысы мектеп окуучусун кесипти компетенттүү тандап алууга даярдоо проблемасын чечүүгө жардам берет. Коюлган проблеманы туура чечүү үчүн «компетенттүүлүк», «компетенция», «кесиптик компетенттүүлүк» деген түшүнүктөрдү талдап көрөбүз.

Биз методологиялык негиз катары тандап алган компетенттүү мамиле жасоонун контекстинде окуучуларга билим жана тарбия берүүнүн маселелери Л.В. Байбородованын А.И. Дахиндин, И.А. Зимняянын, Э.Ф. Зеердин, В.В. Краевскийдин, Дж. Равендин, В.В. Сериковдун, А.В. Хуторскойдун, В.Д. Шадриковдун жана башкалардын эмгектеринде каралган. Кесиптик багыт берүү берүү процессине компетенттүү мамиле жасоо илимдердин негиздери боюнча билимдердин маанисин четке какпастан, аларды окутуунун практикалык багыттуулугун күчөтүүнү көздөп, коомдун реалдуу керектөөлөрү менен байланышкан билим берүүдөгү инновациялык процесс катары чагылдырылат. Ошондуктан аны билим берүүчүлүк, иш аракеттик, инсанга багытталган мамиле жасоонун синтези катары кароого мүмкүндүк берет. Мына ушундай мамиле жасоонун негизинде кесиптик багыт берүү ишинин максатынын өзгөчөлүгүн социалдык тажрыйбаны өздөштүрүү процессинде окуучунун иш аракетинин жыйындысы, анын ар түрдүү татаалдыктагы иш аракетте проблеманы өзүнүн тажрыйбасынын негизинде чече билүүсү жана ийгиликке жетишүүсүнүн деңгээли катары кароого болот. Компетенттүү мамиле кылуу мектептеги билим, тарбия берүүнүн максатын өзгөртүп, өзүнө билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү камтып, инсанга багытталган, когнитивдик жана натыйжалуу мамиле мамиле кылуунун диалектикалык уландысы жана альтернативасы. Бул окутуунун жана тарбиялоонун технологиясын кесиптик багыт берүү иши менен байланыштырып, кайра түзүүнү талап кылат.

Педагогикалык, психологиялык адабияттарда «компетенттүүлүк» боюнча ар түрдүү түшүнүктөр бар. Компетенттүүлүк белгилүү иш аракетти аткарууга даярдыктан көрүнүп, инсандын кесиптик маанилүү сапаты жана тажрыйбасынын жыйындысы катары берилет. Окумуштуулардын пикири боюнча компетенттүүлүккө төмөндөгүдөй мүнөздөмө тийиштүү: предметти терең билүү; кесиптик милдеттерди ийгиликтүү чечүү үчүн дайыма билимин толуктоосу; мазмундук жана процессуалдык компоненттердин берилиши. Окумуштуу В.М. Шепель бул түшүнүктү ийгиликтүү иш аракет үчүн керек болгон билимдерди жана алардын практикалык мааниси катары чеберчилик менен байланыштырган. Ал компетенттүүлүктү чеберчилик, билгичтик, абалды өзгөртүүнүн иштеп чыгуунун методдорунун жыйындысы деп эсептейт [16]. Биздин оюбузча «компетенттүүлүк» билимдердин жыйындысынын системасын, адамдардын иш аракетинин предметине туура келген компе-тенцияларды гана эмес, ал өзүнө мотивациялык, социалдык жана жүрүм-турумдук жагдайларды камтыйт. Башкача айтканда, компетенттүүлүк мектеп бүтүрүүчүсүнүн билимин, көндүмдөрүн, тажрыйбасын, жекече өзгөчөлүктөрүн пайдаланып, келечектеги кесиптик иш аракетинде пайда болгон проблемаларды чечүүгө даярдыгын, асылдуулук мамилесин, негизделген мотивдерин жана инсандын интегралдашкан касиеттерин, сапаттарын мүнөздөйт.

Окуучунун компетенттүү кесип тандап алуусу обьективдүү зарылдык. Компетенттүүлүктүн булагы— окутууда жана практикалык иштерде тажрыйбага ээ болуу. Бул маселени чечүү мектептин милдетине жана функциясына таасирин тийгизип, окуучунун кесип тандап алууга даярдыгын камсыз кылууга багытталган бирдиктүү билим, тарбия жана кесиптик багыт берүүчү мейкиндикти түзүүнү талап кылат.

Ал эми компетенция берилген предметтерге жана процесстерге карата инсандын өз ара байланышкан сапаттарынын жыйындысы. Академик А.В. Хуторской компетенцияны – окуучу үчүн анын келечегинин образы, өздөштүрүүнүн багыты катары белгилеп, төмөндөгүдөй группаларга бөлгөн: баалуулук-мазмундук, жалпы маданияттык, окуу-таанып билүүчүлүк, маалыматтык, коммуникативдик, инсандык өзүн өркүндөтүүнүн, социалдык-эмгектик. Ал аталган компетенциялардын аткара турган фунцияларын көрсөтүү менен аларды деталдаштыруу керектигин белгилеген. А.В. Хуторской билим берүүнүн мазмунуна ылайык метапредметтик, предмет аралык жана предметтик деп бөлүп, түйүндүү, жалпы предметтик жана предметтик компетенциялар деген үч деңгээлге бөлгөн. Билим берүүнүн чөйрөсүнө жана окутуунун ар бир баскычына ылайык окуу предметтерин окутууда түйүндүү компетенцияларды конкреттештирүү керектигин баса көрсөткөн[14].

Биздин изилдөөнүн позициясында компетенция - белгилүү предмет-тердин, процесстердин чөйрөсүнө жана иш аракетке карата керек болгон инсандын сапаттары (билим, билгичтик, көндүм, иш аракеттин жолдору). Биз мындан билим берүүчүлүк жана кесиптик компетенцияны көрө алабыз. Билим берүүчүлүк компетенция - бул билим берүүнүн стандартына ылайык окуучунун билимди өздөштүрүп, инсандык сапаттарынын өнүгүшү. Кесиптик компетенция бул окутуу, тарбиялоо процессинде келечекте аткарыла турган ишке карата инсандын алган системалаштырылган даярдыгы, сапаты. Мына ушул маалыматтарга таянып «компетенция» деген түшүнүк компетенттүүлүк деген түшүнүктөн келип чыккан деген пикирге кошулабыз.

Илимий адабияттарда «кесиптик компетенттүүлүк» деген түшүнүк колдонууда. Бул белгилүү деңгээлде кесиптик милдетти аткарууну камсыз кылган билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн системасы, инсандын маанилүү сапаты (Б.С. Гершунский, Э.Ф. Зээр ж.б). Кесиптик компетент-түүлүктүн компонентине конгнитивдик, өз алдынчалык, байкагычтык, креативдүүлүк, жоопкерчилик, ишенимдүүлүк, катаал шарттарда аракеттене билгендик, коммуникативдүүлүк ж.б.у.с. социалдык жана инсандык компетенциялар кирет. Айрым окумуштуулар «кесиптик компетенттүүлүктү кесиптик иш аракетти аткарууга даярдык жана жөндөмдүүлүктөр менен байланыштырышат.

Демек, кесиптик компетенттүүлүк — бул окуучунун жогорку деңгээлдеги даярдыктын структуралык элементи катары экономикалык, социалдык, саясий, укуктук, кесиптик билимдерге, билгичтиктерге ээ болуусу жана алган билимин практикада чыгармачылык менен колдоно билүүсү. Мына ушул аныктамага таянып кесип тандоодогу компетенттүүлүктүн структуралык составын аныктоого болот. Ал негизинен мотивациялык, инсандын таанып билүүчүлүк, операциялык деген компоненттерден турат. Кесип тандоодогу маанилүү компетенттер инсандын интегративдик касиетинен, кызыгуусунан, шыгынан, жекече өзгөчөлүктөрүнөн, кесиптик өзүн аныктоого жана социомаданияттык чөйрөдө билим алуусунан, кесиптик келечегин долбоорлоого даярдыгынан жана жөндөмүнөн көрүнөт. Инсандын сапаттары жана касиеттери кесиптер дүйнөсүнүн көп түрдүүлүгүнө, кесиптик иш аракеттин предметтик жагдайына негизделип, окуучунун ыргактуу кесиптик өзүн реализациялоосун камсыз кылат.

Жогоруда белгиленген илимий көз караштарга таянуу менен кесип тандоодогу компетенттүүлүк деген түшүнүктү — бул өндүрүштүн шарт-тарына ылайык келген тийиштүү билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, тажрыйбалар жана иш аракетте зарыл натыйжаны камсыз кылган инсандык жана кесиптик маанилүү сапаттардын интеграцияланышы деп белгилей алабыз. Традициялык кесипкөйлүккө караганда кесиптик компетенттүүлүк төмөндөгүдөй сапаттарга ээ:

– интегративдик жана чыгармачылык мүнөз;

– жыйынтыктын жогорку натыйжалуулугу;

– билим берүүнүн практикалык багыттуулугу;

– инсандын асылдуулук ойлорунун критерийлеринин инсандын мүнөздөмөсү менен айкалышы;

– өзүн-өзү өркүндөтүүнүн мотивциясынын калыптанышы;

– академиялык жана эмгектик мобилдүүлүк [2; 5;ж.б.].

Мектептеги кесиптик багыт берүү иши окуучунун инсандык сапаттарынын өнүгүүсүн, өз алдынча кесипти тандоонун маанилүү компетенттерин калыптандырууну көздөйт. Кесипти тандоонун компо-ненттерин калыптандыруунун максаты – окуучунун тандаган кесибине керектүү маанилүү сапаттарды обьективдүү баалай билишин, өзүн-өзү кесиптик аныктоого жана потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн практикада реализациялоого даярдыгын камсыз кылуу болуп саналат.

Илимий адабияттарды талдоонун, республикабыздын мектептеринин тажрыйбасын үйрөнүүнүн, педагогикалык эксперименттин жыйынтыгына таянуу менен окуучуларды кесипти компетенттүү тандап алуусун камсыз кылган төмөндөгүдөй шарттарды аныктай алдык:

– окуучуларды компетенттүү кесип тандап алууга даярдоонун моделин иштеп чыгуу жана мектептин окуу-тарбия ишине колдонуу;

– мугалимдерди кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүгө теориялык, практикалык жана психологиялык жактан даярдоо;

– окуу тарбия ишинин жүрүшүндө окуучуларды келечектеги кесиптик планын түзүү жөндөмүн калыптандыруу;

– кесиптик багыт берүүчү жана социомаданияттык мейкиндикти түзүү.

Демек, жогоруда айтылгандардын негизинде кесиптик компетенттүүлүк зарыл болгон өндүрүштүн негиздери боюнча билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жыйындысы, ал эми. компетенттүү кесип тандоо окуучунун мектепти бүткөндөн кийин өзгөрүп турган шартка бат ыңгайланышын, социалдык-экономикалык факторлорду эске алып, базалык билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болуунун зарылдыгын түшүнүүсү, асылдуулук багыт жана инсандын мотивациясынын комплекси, кесиптик иш аракетке мобилдүү даярдыгы. Окуучунун кесипти тандап алуусунун даярдыгынын структурасына кирген сапаттардын өнүгүү деңгээлинин субьективдүү шартталган абалын окуу тарбия процесси менен белгилүү деңгээлде байланыштыра алабыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ананьев Б.Г.Человеккак предметвоспитания(перспективы педагогической антропологии).Избр. псих.труды.
2. 2 т.[Текст] / Б.Г. Ананьев.– М.: Педагогика,1980. –338 с.

3. Байденко В.И. Компетенции в профессиональном образовании (освоению компетентностного подхода) [Текст] / В.И. Байденко // Высшее образование в России.—2004.—№11.-— С.24-29.
4. Гершунский Б.С. Прогнозирование содержания обучения в техникумах [Текст] / Б.С. Гершунский.//Учебно-метод. Пособие.—М.: Выс-шая школа, 1980.—144 с.
5. Дахин А.Н. Педагогическое моделирование: суңность, эффек-тивность и неопределенность. Теория и практика образовательной технологии. [Текст] / А.Н.Дахин — М.: НИИ школьных технологий, 2004.- 192 с.
6. Здравомыслов А.Г. Человек и его работа в СССР и после: Учеб. пособие для вузов. 2-е изд., испр. и доп. [Текст] /А.Г. Здравомыслов, В.А. Ядов –М.: Аспект Пресс, 2003. – 485 с
7. Зимняя И.А. Компетентностный подход в образовании (методолого- теоретический аспект)// Проблема качества образовании: [Текст] / И.А. Зимняя // Материалы Х1У Всероссийского совеңания. Кн.1 —М.:2004.
8. Зеер Э.Ф. Психология профессионального образования[Текст] / Э.Ф. Зеер. —М.:Изд-во Московского психолого-социального института; —Воронеж: МОДЭК, 2003.— 480 с
9. Зеер Э.Ф. Идентификация универсальных компетенций выпускников работодателем [Текст]/Э.Ф. Зеер, Д.Заводчиков//Высшее образование в России.—2007. —№11.– С. 39-45.
10. Зээр Э.Ф. Личностно-ориентированное профессиональное образование. [Текст] Э.Ф. Зеер, Г.М. Романцев // Педагогика .—2002. —№ 3. — С.16
11. Краевский В.В. Методология педагогики: прошлое и настояңее. [Текст] / В.В.Краевский // Педагогика. —2002, —№1 .— С.3-10.
12. Равен Дж. Компетентность в современном обңестве:выявление,развитие и реализация. / Дж. Равен. Пер.с англМ.:Когито-Центр, 2002,.—396 с.
13. Сериков В.В. Личностно-ориентированное образование [Текст]
14. / В.В. Сериков.// Педагогика. —1994. —С.16-27.
15. Сериков В.В. Образование и личность. Теория и практика проектирования педагогических систем. [Текст] / В.В.Сериков. –М.: Издательская корпорация «Логос»,1999. —272 с.
16. Хуторской А.В. Ключевык компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы образования. [Текст] // Хуторской А.В. //Народное образование.—2003.— №2.— С.58-64.
17. 15..Шадриков В. Д. Проблемы системогениза профессиональной деятельности [Текст] /В.Д. Шадриков —М.:Наука, 1982.—182 с
18. Шепель В.М.Человеческие компетентность менеджера: Управление антропология [Текст] / В.М. Шепель.—М.:1999. —178 с.

УДК: 370.153
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-184-190

**Сманбаев Ө. А.**
И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика кафедрасы, педагогика илимдеринин доктору, профессордун м.а
**Сманбаев О. А.**
КГУ им.И.Арабаева, кафедра педагогики, доктор педагогических наук, и.о. профессора
**Smanbaev** O. **A.**
KSU I. Arabaev, Department of Pedagogy, doctor of pedagogical sciences, Acting Associate